**УДК: 821: 82-1 (575.2) ( 04)**
**DOI 10.53473/16946324_2023_2**

**Кожобекова Гүлбүбү Сагынбековна**
Кыргыз жана орус тилдер кафедрасынын ага окутуучусу
ОИӨК “Кыргызстан Эл аралык университети”
**Кожобекова Гулбубу Сагынбековна**
Старший преподаватель кафедры кыргызского и русских языков
УНПК “Международный университет Кыргызстана”
ERPC “International University of Kyrgyzstan”
**Kojobekova Gulbubu Sagynbekovna**
ERPC “International University of Kyrgyzstan”
Тел.: + 996 772 487 045
kojobekovagulbu@gmail.com

## 1960-70-ЖЫЛДАРДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ ЖАНА Т.БАЙЗАКОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

## КЫРГЫЗСКАЯ ЛИТЕРАТУРА 1960- 70Х ГОДОВ И ТВОРЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ Т.БАЙЗАКОВА

## KYRGYZ LITERATURE OF THE 1960S-70S AND THE CREATIVE ACTIVITY OF T.BAIZAKOV

***Аннотациясы:*** *Макалада 1960-70-жылдардагы кыргыз адабиятынын абалы, жетишкендиктери тууралуу маалымат берилет. 20-кылымда жаралган кыргыз адабиятындагы чыгармалар, ал шедеврлерди жараткан акындар бүгүнкү күндөгү айрым бир илимий изилдөө иштердин предмети жана обьектиси болуп жаткандыгы-турмуштун зарылдыгы жана далили. Т.Байзаковдун чыгармачылык изденүүлөрү да ошол жылдарга туура келет.*

***Негизги сөздөр:*** *поэзия, 60-70-жылдар, проза, акын-жазуучулар, кыргыз адабияты, дүйнөлүк адабият, котормо, элдик оозеки чыгармачылык.*

***Аннотация:*** *В статье представлена информация о состоянии и достижениях кыргызской литературы 1960-70-х годов. Произведения кыргызской литературы, созданные в 20 веке, поэты, создавшие эти шедевры, сегодня являются предметом и объектом некоторых научных исследований необходимостью и доказательством жизни. Творческие поиски Т. Байзакова также относятся к тем годам.*

***Ключевые слова:*** *поэзия, 60е-70е года, проза, поэты-писатели, кыргызская литература, мировая литература, перевод, устное народное творчество.*

***Abstract:*** *The article presents information about the state and achievements of Kyrgyz literature of the 1960s-70s. The works of Kyrgyz literature created in the 20th century, the poets who created these masterpieces, are today the subject and object of some scientific research-a necessity and proof of life. T. Baizakov's creative searches also relate to those years.*

***Key words:*** *poetry, 60s-70s, prose, poets-writers, Kyrgyz literature, world literature, translation, oral folk art.*

XX кылымдын 60-70-жылдары кыргыз адабиятында өзгөчө мезгил катары адабий бурулуштарга, жаңылануураларга, өнүгүп-өсүүлөргө бай жылдар деп эсептелинип, кыргыз адабияты үчүн опол тоодой эмгек сиңирген, амбициялуу акын-жазуучулардын чыгармачылыкка келгендиги менен өзгөчөлөнсө, экинчи жагынан ошол таланттуу акын-жазуучулардын отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн чыгармалары, күчтүү

мээнетинин, унутулгус иш-аракеттеринин натыйжасында “60-70- жылдар” деген сөз “бренд” катары калыптанып калгандыгы- кыргыз адабиятына (поэзия, проза, эссе, сонет, котормо жанрлары) кызыккан ар бир илимпоз үчүн белгилүү десек жаңылышпайбыз. Анткени, ошол мезгилдеги таланттуу акын-жазуучулардын бир топ чыгармалары бүгүнкү күнгө чейин кыргыз окурмандарынын китеп текчесинен түшпөй, заманбап идеяларга шайкеш келгендиги, актуалдуулугу менен бүгүнкү күнгө чейин өз ордун сактап келет. Негизинен, 60-70-жылдардагы акын-жазуучулардын чыгармалары XX-XXI кылымда поэзия жана проза жанры боюнча изилденген көпчүлүк илимий иштердин объектиси катары каралып, азыркы мезгилдеги акын-жазуучулар менен тең тайлашкан, керек болсо бүтүндөй бир адабият доорунда өз орду бар, XX кылымдагы өзгөчө акын-жазуучулар катары ысымдары тарыхта калаары шексиз. Анткени, XXI кылымда жашап жатсак да-өткөн XX кылымдын адабиятына кайрылып, илимий изилдөөлөрдү ошол мезгилдеги акын-жазуучулардын чыгармачылыгына жүргүзүп жаткандыгыбыз буга күбө. Демек, кыргыз адабиятындагы 60-70-жылдар – бардык жанрлардын өнүгүүсүндөгү бурулуш учур, тагыраак айтканда көркөм-эстетикалык, жанрдык-стилдик, сапаттык жаңы бийиктиктерге жетүүнүн мезгили катары каралат.

Кыргыз поэзиясы жана прозасы 60-70-жылдарда өткөн мезгилдеги адабиятка салыштырмалуу сапаттык жактан жогорулап, кыргыз адабиятындагы эксперименттик, тагыраак айтканда жаңычыл көрүнүштөр поэзия жанрында өзгөчө байкалды. Анткени, кыргыз поэзиясы тематикалык-проблематикалык, идеялык-көркөмдүк жактан өнүгүп, дүйнөлүк адабияттан артта калбоо үчүн далалат жасай баштаган. Демек, турмуштагы реалдуулукту элестүү чагылдыруунун жана жалпылоонун жаңыча формаларына аракет жасоо, поэтикалык ой-жүгүртүүдөгү масштабдуулуктун жогорулашы 60-70-жылдардагы кыргыз поэзиясынын мүнөздүү белгилеринен болгон. Кандай гана муундун өкүлдөрү болбосун-поэзия менен прозадагы мазмун менен форманын шайкеш келүүсү, сырткы дүйнөнү жаңыча формада кабыл алуу көркөм ойлоонун масштабдуулугуна багыт алуу, кайсы мезгил болсо да адам менен коомдун ажырагыс, бүтүн бир биримдикте тураарын ырга салып даңазалоо жогорку деңгээлге чыкты десек туура болчудай. Муну менен катар поэзия жанрынын негизги предмети катары коомдогу реалдуу кубулуштарды негизги объект катары эсептөө аракети күчөдү. Мындай иш-аракеттер, албетте, ошол мезгилдеги акын-жазуучулардын жеке чыгармачылык дараметине, талант-шыгына, илим-билимине, өз алдынча изденүүчүлүк жана турмуштук тажрыйбаларына карата ар кандай деңгээлде ишке ашкан. Мындай иш-аракеттерге карабастан, 60-жылдары бир топ кыргыз акындарынын чыгармачылык ишмердүүлүгүндөгү изденүүчүлүк биринчи орунда турган.

60-70-жылдарда кыргыз поэзиясына мурункуга салыштырмалуу идеялык-эстетикалык жактан бышып жетилген, илим-билимдүү, таланты жогору жаш акындар көбүрөөк келип, кыргыз поэзиясында өз орду бар тажрыйбалуу, ардагер акындардан айырмаланып-жеке чыгармачылык талантына таандык идеялар менен кыргыз поэзиясынын деңгээлин өстүрүүгө далалат жасашкан. Мисалы: Т.Самудинов, С.Урманбетов, М.Абылкасымова, Ж.Мамытов, Э.Ибраев, Т.Кожомбердиев сыяктуу акындардын арасында Т.Байзаков да бар эле. Кыргыз поэзия жанрында ыр жаратуу жана көркөм котормо иши менен алектенүү боюнча сап башында турган, карааны алыстан байкалып, поэзиянын океанында оор салмагы менен чөкпөй турган, бүгүнкү күндө да аты өчпөй, заманбап окурмандардын арасында да актуалдуулугун жоготпой, аты эскерилип турган акын-котормочу катары белгилүү Т.Байзаков-кыргыз адабий майданындагы ардагер, аты алтын тамга менен жазылган кайталангыс акын экендиги талашсыз.

Элдик оозеки чыгармачылыкта карапайым элдин келечеги жөнүндөгү максат, тилектер-алардын курчап турган дүйнө жөнүндөгү ишенимдери жана түшүнүктөрү, улуттук баалуулуктары, ошол эле мезгилде бөтөн улуттагылар менен болгон мамилеси, эстетикалык, этикалык нормалары чагылдырылса, акындардын чыгармачылыгында негизинен фольклордук багыт негизги мааниге ээ болуп, форма менен мазмундук, көркөм поэтикалык жактан анчалык деле айырма болбостугун сезүүгө болот. Демек, мындан

акындар чыгармачылыгы менен фольклор элдик идея менен турмуштук көрүнүштөрдү ырга салып, поэтизациялоо жагынан белгилүү бир жалпылыктарга таянат.

XX кылымдын ортосунан тартып улуттук адабият ошол мезгилдеги дүйнөлүк жана советтик маданияттын жетишкендиктерин, ийгиликтерин өздөштүрүүгө далалат жасады. Коомдогу реалдуу көрүнүштөрдү ар тараптуу сүрөттөп, сандык жана сапаттык жактан өсүүгө аракеттенди. Өткөн кылымдарга салыштырмалуу кыргыз адабияты XX кылымдын башынан аягына чейин өзүнүн вазипасын жогорку деңгээлде аткарып, окурмандардын китеп окууга болгон кызыкчылыгын жогорулаткандыгы менен да улутубуздун тарыхында калды. Чындыгында, ал мезгилди "адабияттагы гүлдөө доору" деп атасак жаңылыштык болбос. Анткени, улуттук адабият стилдик өзгөчөлүгү жана жанрдык бөтөнчөлүгү индивидуалдуу мүнөзгө ээ, коомдогу позициясы көп кырдуу, реалдуу коомдук көрүнүштөрдү ар тараптуу чагылдыруу боюнча алган билими терең жана турмуштук сабактары бай, тажрыйбалуу акын-жазуучулардын мээнети менен жаралган. Мына ошондой акындардын бири катары-Т.Байзаковду сыймыктануу менен атын атоого болот. Анын өзгөчөлүгү-улуттук жана дүйнөлүк адабиятка котормочу катары кирип, кийинки ишмердүүлүгүн кыргыз адабиятындагы шедевр акын Барпынын мурастарын жыйноо, акындык өнөрүн жумурай-журтка таанытуу, тагыраак айтканда адабий изилдөөчү катары ишмердүүлүгүн арттырып, соңунда гана акын катары таанылып чыга келди. Бул анын өзгөчөлүгү деп айтсак туура болчудай. Т.Байзаковдун чыгармаларынын дээрлик бардыгы шедевр болбосо да, айрым котормолорунда ар кандай кемчиликтер-окумуштуулардын, адабий сынчылардын жана окурмандардын ортосунда жаралчу талаш-тартышты пайда кылуучу себептер болгону менен, жалпы жонунан караганда салмактуу, өз доорунун өзгөчө калемгери, оригиналдуу акын болгон деп баалоого негиз бар.

Көркөм адабий жанрда ыр жазуу өнөрүн эрте баштаса да өзү жашап жаткан коомдун, мезгилдин талаптарын эске алуу менен кылдат, так иштөө аркылуу чыгарма жараткан акындар бар. Алардын максаты-ыр жаратып коюу эле эмес, эң негизгиси ырдын сапаты, мазмуну, атына караганда заты, идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү маанилүү. Кээ бир катардагы акындардай көпчүлүктүн катарында жүрбөй какыраган кумдуу чөлгө гүл өстүргөн сыяктуу поэзиянын багбаны катары өзүнүн адабий табитин жана талантын ар тараптан өнүктүрүп турат. Тагыраак айтканда, чыныгы талант ээси кайсы мезгил, кырдаал же кайсы куракта болсо да чыгармачыл изденүүдөн эч качан талыкпайт.

"Акын чыгармачылык кудуретине, дүйнөгө көз карашына, фантазиясына жараша окурмандын ой толгоосун козгоп, аң-сезимине бүлүк салат. Алардын темпераменти, эмоциясы, ой дүрмөтү, жүрөк толкуну сыртын тээп тургандыктан, чыгармаларында ар качан жаштыктын белгилери сакталып турат. Нукура акындын чыгармачылыгы тууралуу жыйынтыктуу ой айтууга анын бир же эки китеби жетиштүү болот. Калган китептери анын өсүү жолундагы андан аркы дараметин аныктоого материал болот". [1] Мына ушундай ойду тастыктаган Т.Байзаковдун "Паризат" дастаны менен "Кыргыз жери" аттуу ыры-акынды чыгармачылык бийиктикке жеткирген көркөм байлыгы десек туура болоор.

Т.Байзаковдун чыгармачылык ишмердүүлүгүнө акын Т.Самудинов мындай деп пикирин билдирген: "Акындын өмүр-тагдырына өчпөс изин калтырган, түбөлүк түйшөлткөн тема-согуш темасы болду. Канчалаган ырларында, поэмаларында бул тууралуу ачуу арман, күйгүлтүк күйүт менен жазды". [2] Чындыгында Т.Байзаковдун патриоттуулук сезимин күчөткөн кандуу согуш анын чыгармачылык бийиктиктерге жетүүсүнө кандайдыр бир деңгээлде таяныч болуп берди.

Т.Байзаковдун акын эле эмес, котормочу жана Б.Алыкуловдун чыгармачылыгын кыргыз элине тааныткан адабий ишмер катары да эмгектенгенин билебиз. Бул тууралуу анын үзөңгүлөш досу, кыргыз эл акыны С.Эралиев минтип айтат: "Түмөкебиздин поэзия менен катарда котормочулукка сиңирген эмгеги да зор. Ал даанышман акын Барпынын улуу мурасын элге жеткирүү жагынан да кыргыз маданиятынын тарыхына өз салымын, өчпөс изин түшүргөн адам". [3] Албетте, Барпы устатынын чыгармаларын калың элге таанытууда Т.Байзаковдун эмгеги өтө зор.

Акындын өмүр жолу жана чыгармачылык ишмердүүлүгү жөнүндө өмүрлүк жубайы С.С.Байзакова китеп жазып, минтип эскерет: “Түмөнбай за свою прожитую жизнь написал хоть и немного стихов, однако как отмечают его друзья соратники, он в поэзии оставил свой след. Вот как он написал о себе сам.

О себе

Есть поэты - великим пикам гор под
стать, Строки их как волны величавы
О себе скажу: рядом с ними  мне не встать-

У читателей не вправе требовать я славы.” [4] Акын бул ыры аркылуу өзүнүн жөнөкөйлүгүн, улуулугун көрсөтөт. Филология илимдеринин доктору, профессор Г.Т.Жамгырчиева адабият менен адамзаттын байланышы тууралуу мындай дейт: “Адабияттын негизги миссиясы-адамдын кишилигин сактоо, өнүктүрүү, биз ошондо гана мезгилдин чакырыктарына жооп берип, үн кошуп, туруштук бере алабыз”. [5] Демек, жогоруда айтылгандай, адабияттын адамзатка тийгизген таасири зор экендигин белгилөө менен-Т.Байзаковдун акындык менен чогуу өнүккөн адамгерчилик сапаттарынаадабияттын да байланышы, таасири чоң экендигин айтууга болот. Мындай жыйынтыктар акындын чыгармалары жана чыгармачылык изденүүлөрүнөн байкалат.

Т.Байзаков аркылуу кыргыз адабиятынын жана дүйнөлүк адабияттын айрым бир элементтерин, жетишкендиктерин таанып билүүгө болот. Бирок бүгүнкү күндө деле кыргыз адабиятынын, көркөм котормонун жана көркөм сындын кээ бир проблемалары “дың” бойдон турат десе болчудай. Албетте бул маселелерди чечүүдө чаржайыт, башаламандык менен иштебей, тескерисинче, пландаштырууну туура багытта баштоо менен системалуу жана коллективдүү аткарса эң мыкты жыйынтык болоору анык. Арийне, бул маселе бүгүн эле чечиле калчу нерсе эмес, келечекте жаш, күчтүү, өз ишин так, мыкты аткарган адистердин аракети менен ишке ашат деп үмүттөнөбүз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Асаналиева Кыял Айбашовна “Эрнис Турсуновдун чыгармачылык изденүүсү”,- Каракол: ЫМУ, 201-175 б.,
2. Байзаков Түмөнбай,  Б-19,  “Сулуусуң кыргыз жери, ырдан бүткөн... “ Тандамал ырлар. – Б.: “Бийиктик”, 2003
3. “Ош жаңырыгы” газетасы, №111(15177) саны, 1996, 21-сентябрь
4. Байзакова  София “Встреча с друзьями” . Б.: Бийиктик, 2013. -152 с.

Жамгырчиева Г.Т. Ааламдашуу мезгилиндеги кыргыз адабияты С.Раевдин чыгармачылык ракурсунда. Вестник МУК, №3 (47), 2022, 87-бет.